# Мамлекеттик казына облигацияларынын рыногу

*(2017-жылдын февраль айы)*

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан казына облигацияларын жайгаштыруу боюнча эки аукцион жана сунуштун суроо-талаптан артышына байланыштуу мамлекеттик казына облигациялары (мындан ары – МКО) боюнча бир кошумча жайгаштыруу иши өткөрүлгөн.

Аукциондо мамлекеттик казына облигацияларынын жарыяланган эмиссиясынын көлөмү ай ичинде 2,2 эсе көбөйүү менен 1,2 млрд сомду түзгөн. Суроо-талап көлөмү өткөн айга салыштырмалуу 2,3 эсе көбөйүү менен 2,9 млрд сомду түзгөн. Мында, рыноктун катышуучулары тарабынан (кошумча жайгаштырууну эске алганда) 1,4 млрд сом суммасында 3 жана 7 жылдык МКО сатылып алынган (+78,3 пайыз).

Отчеттук мезгилде МКО боюнча орточо айлык кирешелүүлүктүн жалпы көрсөткүчү ай ичинде 1,8 п.п. көбөйүү менен 15,1 пайызды түзгөн.

Жүгүртүүдөгү МКО көлөмү жыл башынан тартып 10,1 пайызга көбөйүү менен 15,1 млрд сомду түзгөн. Мында, негизги ээлик кылуучулардын – институционалдык инвесторлордун үлүшүнүн 59,8 пайызга чейин (-3,2 п.п.) төмөндөшү катталган болсо, ал эми коммерциялык банктардын салыштырма салмагы, тескерисинче 39,6 пайызга чейин (+3,2 п.п.) көбөйүшү катталган. Юридикалык жактардын – резиденттердин салыштырма салмагы жыл башындагы көрсөткүчкө салыштырмалуу эч өзгөрбөстөн, 0,6 пайызды түзгөн.

Бир айдын жыйынтыгы боюнча МКОнун баштапкы рыногунун концентрациялануу индекси 0,34 түзгөн, бул концентрациялануунун жогорку деңгээлин көрсөтүп, рынокто негизги үч инвестордун катышкандыгына дал келген.

**1-график. МКОго карата суроо-талаптын, сунуштун жана кирешелүүлүк көлөмүнүн динамикасы**



**2-график. МКО боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүлүктүн динамикасы**




**1-таблица. Номиналдык нарк боюнча МКОго ээлик кылуучулардын түзүмү**

*миң сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | анын ичинде | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Институт. Инвесторлор | | Резидент юридик. жактар | | Резидент эмес юридик. жактар | | Резидент жеке жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.03.2016 | 9 906 961,3 | 3 884 638,0 | 39,2 | 5 985 307,3 | 60,4 | 36 966,0 | 0,4 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.04.2016 | 9 625 061,3 | 4 067 738,0 | 42,3 | 5 520 307,3 | 57,4 | 36 966,0 | 0,4 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.05.2016 | 10 341 061,3 | 4 641 300,3 | 44,9 | 5 662 745,0 | 54,8 | 36 966,0 | 0,4 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.06.2016 | 10 412 061,3 | 4 544 485,4 | 43,6 | 5 826 559,9 | 56,0 | 40 966,0 | 0,4 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.07.2016 | 10 558 061,3 | 4 590 605,3 | 43,5 | 5 926 440,0 | 56,1 | 40 966,0 | 0,4 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.08.2016 | 11 003 061,3 | 4 558 692,2 | 41,4 | 6 404 353,1 | 58,2 | 39 966,0 | 0,4 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.09.2016 | 11 288 061,3 | 4 360 364,9 | 38,6 | 6 884 533,4 | 61,0 | 43 113,0 | 0,4 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.10.2016 | 11 563 561,3 | 4 422 089,3 | 38,2 | 7 095 809,0 | 61,4 | 45 613,0 | 0,4 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.11.2016 | 11 646 061,3 | 4 537 941,4 | 39,0 | 7 062 456,9 | 60,6 | 45 613,0 | 0,4 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.12.2016 | 12 417 661,3 | 4 747 209,6 | 38,2 | 7 584 588,7 | 61,1 | 85 813,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.01.2017 | 13 698 111,3 | 4 983 163,1 | 36,4 | 8 629 085,2 | 63,0 | 85 813,0 | 0,6 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.02.2017 | 14 026 261,3 | 5 318 167,4 | 37,9 | 8 612 280,9 | 61,4 | 95 813,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| 01.03.2017 | 15 086 261,3 | 5 968 583,8 | 39,6 | 9 021 864,5 | 59,8 | 95 813,0 | 0,6 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |